УДК: 101:177.1 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-138-143

**ИСМАИЛОВА Г.К., ЭСЕНАЛИЕВА С.Т**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**ИСМАИЛОВА Г.К.,ЭСЕНАЛИЕВА С.Т.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ISMAILOVA G.K., ESENALIEVA S.T.**
KNU Jusup Balasagyn

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН МААНИСИ ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ ОРДУ

ЗНАЧЕНИЕ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ В ЭПОСЕ «МАНАС»
И ИХ РОЛЬ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ

THE SIGNIFICANCE OF UNIVERSAL HUMAN VALUES IN THE EPIC «MANAS»
AND THEIR ROLE IN THE EDUCATION OF YOUTH

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык бааалуулуктардын мааниси жана алардын жаш муундарды тарбиялоодогу орду жөнүндө маселени козгойт. Өзгөчө жаңы социалдык экономикалык өзгөрүүлөр менен жаш муундардын адеп-ахлактык, руханий дүйнөсү өзгөрүүдө. Бул жагдайдан алып караганда коомдун социалдык-маданий жактан андан ары өнүгүүсү үчүн башкы бириктирүүчү факторлордон болуп жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу маселеси биринчи орунга чыгат. Жаштардын кесиптик билим алуусунда фольклордук чыгармалардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды терең түшүнүүсү, алардын келекчектеги кесиптик даярдыгына көмөк берет. Эпостун мазмунунда камтылган улуу идеялар тутуму инсандын этикалык баалуулуктарды калыптандырууга жана этикалык принциптерди терең түшүнүүгө жардам берип, азыркы билим берүү системалары үчүн баалуу булак экени белгиленет. «Манас» эпосунун байыркы кыргыздардын этикалык түшүнүктөрү жөнүндө кеңири маалымат берүүчү түгөнгүс булак экендиги дагы бир ирет далилдеп жана жаштарга жалпы адамзаттык баалуулуктарды сиңирүү абдан маанилүү учур талабы экендигин көрөбүз.

**Аннотация:** В статье поднимается вопрос о значении общечеловеческих ценностей в эпосе «Манас» и их роли в воспитании подрастающего поколения. Нравственный и духовный мир молодого поколения меняется, особенно в связи с новыми социально-экономическими изменениями. В этом контексте на первый план выходит проблема формирования общечеловеческих ценностей у подрастающего поколения как одного из главных объединяющих факторов дальнейшего социокультурного развития общества. Глубокое понимание общечеловеческих ценностей в фольклорных произведениях в процессе профессионального образования молодежи будет способствовать их будущей профессиональной подготовке. Отмечается, что система великих идей, заложенных в содержании эпоса, способствует формированию этических ценностей и глубокому пониманию этических принципов, является ценным источником для современных образовательных систем. Мы еще раз доказываем, что эпос «Манас» является неисчерпаемым источником информации об этических представлениях древнего кыргызского народа, и видим, что привитие молодежи общечеловеческих ценностей является весьма важным требованием времени.

**Abstract:** The article raises the question of the significance of universal human values in the epic «Manas». and their role in the education of the younger generation. The moral and spiritual world of the younger generation is changing, especially in connection with new socio-economic changes. In this context, the problem of forming universal human values in the younger generation comes to the fore as one of the main unifying factors for the further socio-cultural development of society. A deep understanding of universal values in folklore works in the process of professional education of young people will contribute to their future professional training. It is noted that the system of great ideas embedded in the content of the epic contributes to the formation of ethical values and a deep understanding of ethical principles, and is a valuable source for modern educational systems. We prove once again that the epic "Manas" is an inexhaustible source of information about the ethical ideas of the ancient Kyrgyz people, and we see that instilling universal human values in young people is a very important requirement of the time.

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу; фольклор; руханий - адептик маңыз; моралдык-этикалык; жалпы адамзаттык баалуулуктар; адамгерчилик; адеп-ахлак; руханий баалуулуктар; учурдагы көйгөйлүү маселелер; жаштарга тарбия берүү; образдар системасы; мекенчил; гумандуулук; патриоттуулук; адилеттүүлүк; ар-намыстуулук; адамкерчилик; жакшылык.

**Ключевые слова:** эпос «Манас»; фольклор; духовно-нравственная сущность; морально-этическое; общечеловеческие ценности; гуманность; нравственность; духовные ценности; воспитание молодежи; система образов; патриотизм; гуманность; справедливость; честь; человечность; доброта.

**Keywords:** epic «Манас»; folklore; spiritual and moral essence; moral and ethical; universal human values; humanity; morality; spiritual values; current problematic issues; educating youth; system of images; patriotism; humanity; citizenship; justice; forgiveness; honor; humanity; goodness.

Көлөмү, көркөмдүгү, идеялык-философиялык мазмуну боюнча дүйнөлүк фольклордун башатында турган «Манас» эпосундагы көөнөрбөс нарк-дөөлөттөр, этикалык түшүнүктөр байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын өзөгүн түзгөн. Бул эпос кыргыз элинин жогорку моралдык ченемдерин, каада –салтын, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарын көркөм чагылдырууда маанилүү орун ээлеген, бүгүнкү илимий түшүнүк боюнча циклизациялоо ыкмасы менен монументалдуулукка жетишкен көп варианттуу чыгарма. «Манас» ааламын маданият таануу жана философиялык көз караште кеңири изилдегендердин бири Шайлоо Бородоевна Акмолдоеванын пикири боюнча “миңдеген жылдар бою «Манас» эпосу кыргыздын маданий энциклопедиясы» - жөн гана поэтикалык чыгармачылыктын байыркы үлгүсү же поэтикалык дастандардын жыйнагы гана эмес, элдик кеменгерликтин казынасы, утурумдук турмуштагы жол көрсөткүч, байыркы кыргыз элинин биримдигинин негизи, ошондой эле анын этикалык – укуктук кодекси болуп да келген. «Манас» эпосу – адам жашоосунун ар түрдүү мезгилдеги катмарданган окуялардын бир бүтүнгө бириктирилген ширетмеси, кыргыздардын миң жылдардын элегинен өткөн көркөм поэтикалык ой жүгүртүүсүнүн жыйынтыгы катары калыптанган». [1, б. 29-30]. Профессор Р.Т. Сулайманова айткандай, улуттук эгемендүүлүктү сактап калуу үчүн жаш муундарда атуулдук сезимди ойготуу жана так аныкталган мазмун менен милдеттерге негизделген тарбия берүү зарыл болсо [12, б. 63], бул багытта жаштарды тарбиялоодо, социалдык-этикалык нормаларын реконструкциялоодо калкыбыздын улуттук дүйнө кабылдоосун жана этикалык баалуулуктар системасын терең ачып берген “Манас” эпосу айрыкча мааниге ээ.

Бул макаланын негиги максаты – эпостогу чагылдырылган көчмөн жашоо-турмушундагы образдардын атуулдук касиеттери, адеп-ахлагы аксиологиялык мазмунга ээ экендигин баса көрсөтүү менен анын мазмунунда камтылган терең философиялык жалпы адамзаттык баалуулуктарды анализдөө аркылуу жаштардын нарктуу, мекенчил, жоопкерчилик сындуу асыл сапаттарын калыптандыруу, келечекке болгон ишенимин бекемдөө. Эпостогу оң каармандардын жасаган иштерине, элине кылган ак кызматына, жалпы адамзаттын нравалык баалуулуктарын коомдун талаптарына жооп берүүчү белгилерине таянып, жаш муундар элдик чыгармадан өздөрүнө ылайыктуу түшүнүктөрдү, акыл казынасын, нарк-насилдик осуятын, адеп-ахлактын бийик өрнөгүн табышат. Жаштарды тарбиялоодо, социалдык-этикалык нормаларын реконструкциялоодо калкыбыздын улуттук, этностук дүйнө кабылдоосун, этикалык баалуулуктар системасын жана жүрүм-турум парадигмаларынын өзгөчөлүктөрүн терең ачып берүүгө өбөлгө түзгөн, нечен тарыхый доорлорду басып өткөн байыркы кыргыз элинин таалим-тарбиялык Кодексинин милдетин аткарып келе жаткан “Манас” эпосу айрыкча мааниге ээ.

Өзгөчө жаңы социалдык экономикалык өзгөрүүлөр менен жаш муундардын адеп-ахлактык, руханий дүйнөсү өзгөрүүдө. Бул жагдайдан алып караганда коомдун социалдык-маданий жактан андан ары өнүгүүсү үчүн башкы бириктирүүчү факторлордон болуп жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу маселеси биринчи орунга чыгат. Жаштардын кесиптик билим алуусунда фольклордук чыгармалардагы нравалык билим көркөм каармандардын жасаган иш-аракеттери аркылуу пайда болуп, чечмеленип, поэтикалык ыр саптарында чагылдырылган философиялык категорияларды “ак менен кара”, “жакшылык менен жамандык”, “ак ниет менен кара ниеттикти” түшүнүүсү, алардын келечектеги кесиптик даярдыгына жардам берет. Ушул өңүттөн алганда Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгу жолу

жарлыгы өз убагында жаралды. Бул Жарлыкта таасын белгилегендей: "Манас" үчилтиги - кыргыз элинин демин, социалдык жана тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку көркөмдүктө чагылдырып, элдин этномаданий уңгусуна жана өзүн-өзү таануусунун түп белгисине айланган улуу эпикалык мурас. Манас баатырдын айкөлдүгү, дем-кубаты кыргыз эрлерин азыркы кезде да жаңы бийиктиктерди багынтууга, жаңы эрдиктерди жасоого, жаңы ийгиликтерди жаратууга шыктандырып турат. Манастан калган айкөлдүк - кыргыз мүнөзүн калыптандыруунун эң башкы үлгүсү, дүйнө эли али толук тааный элек, кайталангыс, идеалдуу адам модели. “Айкөлдүк - кыргыз элинин жалпы адамзаттын акыл казынасына тартуулаган, тагдыр өзгөртүүчү, тарых жаратуучу улуу белеги. Дүйнөнү, ал турсун ааламды, айкөлдүк гана куткарат!” (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 Жарлыгы). Бүгүнкү күндө аталган маселелер боюнча пикир алмашуулар жана сунуштар арбын жүргүзүлүп, ошондой эле эл аралык деңгээлдеги симпозиумдарда жана илимий конференцияларда кеңири талкууланып келет [12, б. 72].

Айкөл Манас – артык шер,
Аккула минип болкойуп,
Сырнайза колдо койкойуп
Сырттаның Манас зоңкойуп. [10, б. 349].

“Айкөл” – деген туруктуу эпитет эпосто каармандардын ичинен бир гана Манастын образына берилет. Бул эпитетти манасчылар чыгармада башка бир дагы каарманга колдонгон эмес. Манастын баатырдык, тайманбас сапаттарын чагылдырып “ арыстан, көк жал, төрө, сыяктуу эпитеттер көп учурайт. “Айкөл” Манастын жогорку адамгерчилик, кең пейилдик сапат-касиеттерин, бийик наркын даңазалап, айгинелеген турган өзгөчө маанилүү сыпаттама. Айкөлдүк өтө сыйымдуу моралдык оң сапат. Башкалардын таламы үчүн өзүнүн таламдарын курман кылуу, жамандык, зыян келтиргенди жазалоо талабынан баш тартуу, жеңилип калган тарапка гумандуу мамиле кылуу айкөлдүк сапат катары бааланат. “Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт”, “Кудай пейилимди алганча, өзүмдү алсын” – кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы болгон макал-лакаптарында дагы айтылып келет [2]. Кыргыздар кең пейилдикти адамдык асыл, улуу сапат катары туу тутуп келишкен жана бул сапат адамда жок болсо анда жашоонун маңызы жок деп эсептеген. Айкөл Манас адамгерчиликтин бийик үлгүсү катары элинин эркиндигин, азаттыгын, бейкуттугун, адамдын көз карандысыздыгын коргоону талап кылган, ар бир инсандын бакытка акылуусу, теңдик, адилеттүүлүк жана анын керектөөлөрү менен таламдарын канааттандыруу коомдун түпкү максаты болууга тийиш экендигин жөнүндөгү жалпы адамзаттык философиялык-гуманисттик идеянын бийик сересин туюнткан улуу образ болуп саналат, ал тургай толук калыптанган эң мыкты өрнөктүн башаты, жалпы эле жакшылыктын символу.

Эпосто Манастын айкөлдүгү жөнүндө, чабылган элди жыйнап, журт кылып курап, кең пейил, көр дүйнөгө кызыкпаган, ашкере берешен, адилеттүү башчы экендиги жогорку деңгээлде сүрөттөлөт.

Атсыз келди бир чоро,
Атсыз келген чорого,
Аркар аяк , жез билек,
Ат мингизди зор Манас [11, б. 237].

Бул ыр саптарында Манастын алысты көрө билген акылмандыгы, ак ниет, колундагысын аябаган берешендиги ачыкталат. Мындай жакшылыкты ал душмандарына дагы жасайт.

Маселен, бул эпикалык каармандын керт башына тиешелүү сапаттар – айкөлдүк, кеменгерлик, акылдуулук, кең пейилдүүлүк, туруктуулук, өзүн эл-жери үчүн курмандыкка чалууга, кызмат кылууга даярдыгы, альтруизм, элдин таянычы өңдүү негизги касиеттердин системасы дайыма болуштук түзүлүшүнө жакшылыкты, асылдыкты, керемет кенчтүүлүктү, нарктуулукту камтып турат. Ал эми жалпы баатырдык сапаттар – кайраттуулук, каармандык, эрдик, жоопкерчилик, намыстуулук, ыймандуулук, патриоттуулук ж.б.у.с. феномендер бүтүндөй кыргыз эр азаматтарына тиешелүү иманенттүү баалуу мүнөздөмөлөр [1, б. 130-140]. Оозеки нравалык билим, жүрүм-турум салттык жөрөлгөлөрү эпосто оң персонаждардын адамдык касиет-сапаттары, ар кандай кыйын кырдаалдарда жасаган кадамдары, чечимдери аркылуу ачылат.

Манасты образындагы аны эпостогу оң каармандардан бөлүп турган негизги сапат, касиет бири - кеменгерликтин өзөгүн туюнткан уюштуруучулук, кыйын кырдаалдарда, сыноолордо элди башкара билүүчүлүк, көсөмдүк улуу касиет, адилеттүү жетекчилик. Маселен, Манастын бардык аракеттеринде элдин эртеңки күнү, эркиндикке умтулуусу үчүн бийик ар-намыс, даанышмандык, көрөгөчтүк, эр жүрөк баатырдыкты сабырдуулук, ынтымак,

биримдик менен айкалыштыра билүүгө чакырган, турмуштук идеалдарды өзүнө сиңирип турган акыл каарманы. Маселен, Манас жаш курагында эле элге баш-көз болуп, келечегине кам көрүп, анын зор күч-аракети менен:

Азган-тозгон кайран эл,
Чогулушуп калды эми.
Медер кылып Манасты,
Мекен кылып Таласты [10, б. 183].

Жоокердик заманда аскердик эрежени, тартипти, жоопкерчиликти катуу талап кылбай жеңишке жетүү мүмкүн эмес болгон. Согуштук кырдаалдарда каармандардын куралдуу кагылыштарында душманга бет келип айыгышкан кармашууда жасаган иш-аракеттери жоокерлер үчүн эрдигин сыноочу, аныктоочу эпизод катары эпостун сюжетинде өзгөчө маани берилет. Себеби элге, Ата Мекенге болгон мамиленин тереңдиги ушул согуштук эпизоддор ачылып, кимдин ким экендигин аныктайт. Эпикалык каарман өзүн ар дайым тегерегиндегилердин көзү менен карап, кимдин ким экендигин баалайт.

Жоопкерчилик адептик этиканын категориясы, ал инсандын коом тарабынан коюлган адептик талаптарды анын аткаруу көз карашынан мүнөздөйт, инсандын жана социалдык топтордун өздөрүн адептик жактан өркүндөтүүгө да, ошондой эле коомдук мамилелерди өркүндөтүүгө да катышуу даражасын көрсөтөт. Жоопкерчилик – бул инсандын моралдык иш-аракеттеринин өзүнүн парзына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келиши. Ошондуктан Айкөл Манас өзүнүн эл алдындагы атуулдук жоопкерчилигин сезип, өзүн тынымсыз өстүрүү жолунда болгон. Ал чечкиндүү, жигердүү, акылман жетекчи катары үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап, элдин ынтамаган бириктирип, саясый биримдигин арттырып, эр жүрөк тайманбастыкты жоопкерчилик, сабырдуулук, ынтымак, акылмандык менен айкалыштыра билип күчтүү меритократиялык бийлик түзүп, орнотот. «Байыркы көчмөн кыргыз цивилизациясын түзүүдөн Манас акылмандардын, олуя акылмандардын, улуу көк жал баатырлардын тобуна таянып, меритократиялык мамлекеттик башкарууну, демек, асыл адамдардын бийлигин түзгөн» [6, б. 12]. Айкөл Манас көсөмдүк менен тегерегине олуя акылман, эң даанышман, кайраттуу, чечкиндүү, баамчыл, кыраакы, айлакер элчи, күчтүү каарман жана жоокерлерди топтоп, мамлекеттин ички жана сырткы маселелерин чечкенде акылман кеңешчилеринин пикирин эске алуу менен жагдайды туура баамдап, кара кылды как жарган калыстыгы менен жети өлчөп, бир кесип, акыйкат чечимдерди кабыл алуу менен өз доорунда уруу кандык мамлекеттердин бирикмеси баш ийген конфедеративдик улуу кыргыз каганатын түзүп, адилеттүү бийлик жүргүзгөн, үзүлгөнүн улап, чачылган элди бириктирип, күч-кубатын бир жерге топтоп, саясий биримдигин, ынтымагын арттырган. Алардын башкы максаты – Ата Журтун баскынчылардан бошотуу, куткаруу, ата-бабасынан калган мекенин кайрадан кайтарып алуу, жазыксыз каны төгүлүп баскынчылыкка дуушар болгон элдерге көмөк берүү, эркиндикке чыгаруу деген улуу, ыйык ишке багытталган.

Элдик мурастардын акыл казынасында – “Адамдын көркү адилеттүүлүктө”, “Адилеттүүлүк –чындыктын энеси” сыяктуу макал-лакаптар чыныгы элдик акылдын улуулугун даңазалайт[2].

Адилеттүүлүк түшүнүгү “Манас” эпосунда да кеңири орун алган. Айкөл Манас – «чындык менен» жашаган, чындыкка ылайык иш кылган адам. Ал жүргүзгөн бийлик адилеттикке, чындыкка, акыйкатка, калыстыкка негизделген бийлик болду. Баатыр өзүнүн кең пейил, адилеттүүлүгү, элге деген жакшы тилеги, ниети, аткарган иш-аракети менен жагып, айткан сөзү менен иши дал келип, калың эл анын адилеттүү, калыс башкаруусуна баш ийип, ар дайым колдоп келди, алардын жөлөгү менен Айкөл Манас ар дайым алдыңкы катарда жүрдү.

Достук – таламдардын жалпылыгына жана өз ара татыктуулукка негизденген адамдар ортосундагы мамилелер формасы. Достук түшүнүгүнүн туугандык, жолдоштук жана сүйүү деген түшүнүктөргө этимологиялык ыраатуу жакындыгы мамилешүүнүн инструменталдык (практикалык өз ара жардамдашуу жана кол кабыш кылуу) жана эмоциялык-экспрессивдик (боорукердик, өз ара түшүнүү) функцияларынын дифференцияланышын жана өз ара бири-бирине өтүшүнүн тарыхый процессин чагылдырат. Достук жолдоштукка караганда алда канча өз алдынчалуу жана тандалмалуу. Достуктун ролу өтө бийик, маанилүү жана бул инсан үчүн өтө катаал кырдаалда өзгөчө даана көрүнөт. Адамдарды бириктирүүчү күч катары достук ар качан маанилүү социалдык-адептик баалуулук болуп эсептелген. Достуктун адептик баалуулугу анын коомдук багыты, анын негизинде жаткан принциптер менен аныкталат. Нагыз достуктун ак ниеттүүлүгү жана жан аябастыгы

эзелтен бери өзүмчүлдүк амалга негизденген “жалган” мамилелерге карама-каршы коюлган. Достук адептик жогорку үлгүлөр болуп саналат. Эми эпикалык чыгармадагы дос күтүү мотивине назар бурсак. Белгилүү окумуштуу С. Байгазиев белгилеп өткөндөй “Манас менен Алманбеттин достугу дүйнө элдеринин өз ара диалогу, чындыкка , акыйкатка, алысты ойлогон акылман калыстыкка негизделген эл аралык ынтымагы жана достугу, биримдиги үчүн өзүнчө бир символ.” [8, б. 32]

Атышканды уткандай,
Анча-мынча адамды,
Ат-тону менен жуткандай
Башында жыга бөркү бар,
Падышалык көркү бар,
Кайратына жан тургус,
Канга ылайык каркыбар. [9, б. 206]

Айкөл Манас Алмамбеттин аскердик өнөр-билим, баатырдык күч-кубатын, амал-айла, акыл-парасаттуу башкаруучулук жөндөмүн, кол башчылык талантын, табияттын улуу сырларын билген жайчылык өнөрүн баалап, ак ниетине ишенип Бээжинге карай жол баштоонуу тапшырат. Алмамбетти башка чоролордон өзгөчөлөнтүп турган жайчылык өнөрү, дагы бир бөтөнчө адамдык касиети антка, сөзгө бекем тургандыгы. Манаска берген антын эч качан бузбастан сөзүнө бекем турган эң жакын сырдашкан досуна, эмчектеш бир тууганына айланып, жанын аябастан бүткүл өмүрүн кыргыз элинин намысын, эркиндигин душмандардан коргоого арнайт. Достуктун ролу өтө бийик, маанилүү жана бул инсан үчүн өтө катаал кырдаалда өзгөчө даана көрүнөт. Алмамбет «жайчылык» өнөрдүн керемет-сырын билгендиктен жаан чакырып, бороон келтирип, туман түшүрүп, зарыл учурда душмандын көзүн байлап турат. Ошентип, Алмамбет Манаска жаратылыштын «тилин» билген сыйкыр жөндөмү менен кыйын кырдаалдарда өзгөчө кызмат өтөйт.

Айкөл Манастын, Каныкейдин, Кошойдун, Бакайдын, Алмамбеттин образдарынын жасаган иш-аракеттерине үңүлүп, терең философиялык талдоого алсак, этиканын борбордук категориясынын бири болуп саналган жакшылыктын абсолюттук башталышы топтолгон. Алар аркылуу эпостогу рухий адептик идеялар маңызына чыгып, этикалык-эстетикалык мотивдердин, жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышын түзөт. Окуяларды алардын алдын ала сезе билген көсөмдүгү, кыраакылыгы, акылмандыгы, баатырлыгы, кайраттуулугу эпосто манасчылар тарабынан өтө көркөм, бийик чеберчиликте баяндалат.

Жыйынтыктап айтканда, эпикалык чыгармада адамзаттык баалуулуктар маанилүү орун ээлеп, этикалык түшүнүктөр байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын өзөгүн түзгөн. Маселе, бул фольклордук чыгарманын өзөгүндө уюп жаткан жалпы адамзаттык аксиологияны жаш муундарга кантип жеткирүү керек экенинде.

Азыркы күндө эпикалык чыгармадагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын, идеялардын салттуу педагогикада кеңири колдонуусуна жол ачып, жаштардын улутка тиешелүү белгилерин коомдук-саясий кызыкчылык менен бирге аңдаштырууга мүмкүнчүлүк берүү менен чыгарманын мазмунундагы идеяларды адабий билимдин негизи, инсанга керектүү адеп-ахлактык белгилерди калыптандыруучу каражат катары практикада кызмат кылуусуна кам көрүү максатка ылайык деп ойлойбуз.

Эпостогу чагылдырылган адилеттүүлүк, акыйкат, коомдун жыргалчылыгы жөнүндөгү түшүнүктөр ойлору жоопкерчиликтүү жана патриот жарандардын калыптанышына салым кошо алат. Тынымсыз өсүп жаткан маалымат агымынын жана азыркы жаштар дуушар болгон адеп-ахлактык тандоолордун татаалдыгынын шартында эпостогу оң каармандардын иш-аракети аркылуу берилген руханий-адептик, философиялык баалуулуктар маанилүү колдонмо катары кызмат кыла алат.

«Манас» эпосу элдик педагогикалык маданияттын түрдүү катмарын жана багыттарын ичине камтыган уникалдуу рухий мурас, ал эми анын мазмунунда камтылган терең философиялык маанидеги жалпы адамзаттык баалуулуктар, этикалык принциптер улам кийинки жаш муундар арасында жарандык жоопкерчиликти, коомдук аң-сезимди калыптандырууга негиз болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Акмолдоева, Ш. Б. «Манас» ааламы. – Бишкек, 2003. – С. 130–140.
2. Пословицы и поговорки кыргызского народа : из собрания академика К. К. Юдахина. – Бишкек : Илим, 1997. – 184 с.
3. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. – Москва, 1979.
4. Столович, Л. Н. Красота. Добро. Истина : очерк истории эстетической аксиологии. – Москва, 1994.
5. Тургуналиев, Т. Манас – байыркы көчмөн цивилизациясынын негиздөөчүсү // Манас ааламы. – 2018. – № 5. – 12 б.
6. Манас : кыргыз элинин баатырдык эпосу : 2-китеп : С. Орозбаковдун варианты боюнча / КР УИАнын Адабият жана искусство институту. – Бишкек : Кыргызстан, 1995. – 800 б.
7. Байгазиев уулу, Советбек. «Манас» эпосунун руханий, адептик-ыймандык, идеялык-философиялык, патриоттук баалуулуктары. – Бишкек, 2021. – 242 б.
8. Манас / С. Орозбаковдун варианты боюнча. – 2-китеп. – Фрунзе, 1980. – Б. 206–207.
9. Мамай, Ж. Манас. – Шинжаң, 1995. – 349 б.
10. Каралаев, С. Манас. – Бишкек, 1998. – 237 б.
11. Сулайманова, Р. Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос «Манас» / Р. Т. Сулайманова, К. А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61–67. – EDN BOIHTB.
12. Эгамбердиева, А. А. Мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку билим алууга болгон кызыгуусун арттыруу / А. А. Эгамбердиева, Д. С. Жылчиева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2023. – № 2(114). – Р. 72–77. – DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-72-77. – EDN WBQTTK

**Рецензент: ф.и.к., доцент Устабаева Г.К.**